**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

720300, Кызыл-Кыя шаары, Масалиев көч., 60
тел. 5-01-00

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

720300, г. Кызыл-Кыя, ул. Масалиева, 60
факс 5-08-26

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023 – жылдын 4-майындагы № 23/79**

**Кызыл-Кыя шаардык кенешинин бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 25-апрелиндеги №47 протоколун бекитүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кенештин бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 25-апрелиндеги №47 протоколуна негиз, Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 2023-жылдын 12-апрелиндеги №01-8/621 катын, Муниципалдык менчик департаментинин 2023-жылдын 06-апрелиндеги № 02-6/611 жана 2023-жылдын 10-апрелиндеги № 02-6/624 каттарын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кенешинин бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 25-апрелиндеги №47 протоколу бекитилсин, тиркелет – 3 барак.

2. Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын жана шаардык кеңештин бухгалтерине, шаардык кеңештин иш кагаздарын жүгүртүүчү кызматкерине 15% кошумча эмгек акысы 2023-жылдын 1-январынан төлөнүп берүүгө макулдук берилсин.

3. Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик департаментинин “катардагы жумушкер” штаттык бирдиги “Техникалык тейлөөчү кызматкер” (завхоз) штаттык бирдигине өзгөртүүгө макулдук берилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**